ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 792.2 (045/046) DOI: 10.35803/1694-5298.2020.1.101-104

**СУЛАЙМАНКУЛОВА М.Б., ЖУМАШОВА Н.А.**

[1]КГУСТА им.Н.Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика
[2]ИГУ им. К.Тыныстанова, Каракол, Кыргызская Республика

**SULAIMANKULOVA M.B., JUMASHOVA N.A.**

[1]KSUCTA n.a.N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
[2]IGU n.a. K.Tynystanov, Karakol, Kyrgyz Republic
(e-mail: Meerimsulaimankulova@mail.ru nazira2101@mail.ru)

# КЫРГЫЗДАРДЫН ҮЙЛӨНҮҮ САЛТЫНДАГЫ «КЫЗ ОЮНУ» ДРАМАЛЫК-ТЕАТРДЫК ЭТНОМАДАНИЯТТЫН КУБУЛУШУ КАТАРЫ

# КЫРГЫЗСКАЯ СВАДЕБНАЯ ТРАДИЦИЯ «ДЕВИЧЬЯ ИГРА» - КАК ЯВЛЕНИЕ ДРАМАТИЧЕСКИ-ТЕАТРАЛЬНОЙ ЭТНОКУЛЬТУРЫ

# KYRGYZ WEDDING TRADITION “GIRL'S GAME” - AS A PHENOMENON OF DRAMATIC AND THEATRICAL ETHNIC CULTURE

*Макалада илгертен эл ичинде жаралып, көндүм көрүнүшкө айланып калган маданий-этнологиялык кубулуштардын бири – үйлөнүү-үлпөт салтынын церомониялары менен процедуралары, жөрөлгөлөрү драмалуу жана театралдуу компоненттерге бай экендиги атайы талдоолор аркылуу ачылып берилди.*

***Өзөк сөздөр:*** *Үйлөнүү-үлпөт салты, драмалык-театралдык элементтер, театр, көрүүчүлөр, сценарий, диалог, аткаруучулук-оюндук белгилер (испольнительно-игровой), сахна, артист, «Кыз оюну», «Кемпир өлдү» , «Бет ачар» жөрөлгөлөрү.*

*В статье анализируются обрядовые церемонии и процедуры бракосочетания, обряды, богатые драматическими и театральными компонентами, являющиеся одним из культурно-этнических явлений, сложившиеся в народе с древнейших времен и ставшими привычными, их суть раскрыта через специальными анализами.*

***Ключевые слова:*** *Свадебно-обрядовые, драматико-театральные элементы, театр, зрители, сценарий, диалог, исполнительно-игровые персонажи (исполнительно-игровые), сцена, артист, «Девичья игра», «Бабушка мертва» , «Бет ачар».*

*The article analyzes ritual ceremonies and marriage procedures, rituals rich in dramatic and theatrical components, which are one of the cultural and ethnic phenomena that have developed among the people since ancient times and have become familiar, their essence is revealed through special analyzes.*

***Key words:*** *wedding ceremonial, dramatic and theatrical elements, theater, spectators, script, dialogue, performing-game characters, stage, artist, "Girl's Game", "Grandma is Dead", "Beth Achar" (Face Opening).*

«Кыргыз» деген этноним биздин эрага чейинки 201-жылдан тарта тарыхта белгилүү. Кыргыздар түрк элдеринин ичинен аты алгачкылардан болуп угулган эң байыркы калк болуп, ошого жараша анын элдик салт, каада-жөрөлгөлөрү, ырым-жырымдары, үрп-адаттары, элдик оюндары кылымдардын катмарларында байыртан түптөлүп, кыйла татаал маданий эволюцияны башынан кечирип, акыры өзүнүн калыптанган туруктуу формаларына ээ болгон. Ошондой илгертен эл ичинде жаралып, көндүм көрүнүшкө айланып калган маданий-этнологиялык кубулуштардын бири – үйлөнүү-үлпөт салты болуп саналат. Үйлөнүү-үлпөт салты өзүнүн драмалык-театралдык элементтерге бай экендиги менен биринчи иретте көзгө түшөт. Дегеле, үйлөнүү-үлпөт салттарынын бардык элдерде адат

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

катары театралдуулук касиетке эгедер экендигин көркөм маданияттардын түп башатын иликтеген изилдөөчүлөр дайыма баса белгилешет. Маселен, окумуштуу Н.И. Савушкина «Русский народный театр» аттуу китебинин «Театральность народной свадьбы» деген бөлүмүндө үйлөнүү-үлпөт салтында жана аны коштогон поэзияда диний-сыйкырдуу жана драмалык, оюндук элементтер жанаша жашаарын, убакыттын өтүшү менен алардын көпчүлүгү түстүү театралдаштырылган оюн-зооктук мүнөзгө ээ болгондугун айтып өткөн [1.51]. Чындыгында үлпөт салтындагы иш-чаралардын катышуучуларынын аракеттеринин жандуу болушу, оюндук мүнөздүн анын ар бир эпизодунун аягына чейин коштолушу, эки бүлөнүн мамилелериндеги драмалулук, поэтикалуулук өзүнчө эле бир спектаклди, театралдаштырылган оюн-зоокту элестетип тураары анык. Ошондой эле, үлпөт салтында кызды узатаарда аткарыла турган кошок да өтө чоң эмоциялдык-психологиялык чыңалууга толгон өзүнүн терең драматизми менен айырмаланып турат. Чындыгында үлпөт кошогунун текстинин өзү эле драмалык текст, андагы иш-аракет жана иш-аракеттин өзү жөнүндөгү окуя, монологдор жана өзгөчө диалогдук көрүнүштөр бар. Үйлөнүү салтындагы аткарылган кошок өзүнүн жаратылышы менен драмалуу. Аларга көп сандагы катышуучулар, көрүүчүлөр жана угармандар тартылып, аларга оюндун аздыр-көптүр маанилүү учурлары түшүндүрүлүп турат. Казак окумуштуусу С.Каскабасов «Театральные элементы в казахских обрядах и играх» деген илимий макаласында «Казак элдик драмалык чыгармачылыктын үрп-адат формаларынын ичинен театралдык искусствого эң жакыны – үйлөнүү салтынын церемониялары. Айылдагы кызды узатууга байланышкан салт-жөрөлгөлөр өзгөчө драмалуулугу жана театралдуулугу менен айырмаланат»,-деп жазат [2.121]. Кыргыздын үйлөнүү салтында аткарылган процедуралар да өзүнүн театрдык – оюндук (зрелищно-игровой) мүнөзү менен өзгөчөлөнүп, ички структурасы кызыктуу, көп түрлүү болуп, жаратылышы синкреттүү экендигин академик А. Акматалиев мындайча тастыктайт: «Үйлөнүү үлпөтү адам баласынын өмүрүндөгү эң орчундуу окуя болгондугуна байланыштуу турмуш-тиричиликтеги комплекстүү иш-чаралар өткөрүлөт. Тойго катышуучулар жарашыктуу жасанышып, өнөрпоздор, сөзмөрлөр тамшандырат, ар кандай оюн-зоок менен коштолот. Үйлөнүү фольклорунда ички сезимди билдирген лирика канчалык даражада болсо, драма да, эпика да ошончолук деңгээлде катышкан» [3.109]. Демек, кыргыз элинин да үйлөнүү үлпөт салтынын иш-чараларынын драмалык-театралдык табияты талашсыз нерсе. Төмөндө кыскача талдоолор аркылуу ушул айтылган чындыктарды ырастоого аракет кылалык. Талдообузда 1920-жылдары кыргыз айылында болуп өткөн «Кыз оюну» салтынын жүрүшүнө толугу менен катышып, күбө болуп, аны кагаз жүзүндө жазып калтырган А. Аралбаевдин этнографиялык нуктагы эмгегине жана башка фольклордук материалдарга таянмакчыбыз.

Жалпысынан алганда, үйлөнүү-үлпөт салытынын ички структурасы кудалашуу (Бел куда, бешик куда, кыз тандоо, жуучу жиберүү, сөйкө салуу процедурасы, алдын-ала калың берүү жөрөлгөсү жана башка), күйөөлөө, кыз узатуу, келин тою сыяктуу ири бөлүктөрдөн туруп, бул бөлүктөрдүн ичинде «Жар көрүшүү», «Токмок салуу», «Кыз оюн», «Төшөк талашуу», «Такыя салуу», «Кемпир өлдү», «Бет ачар», «Отко киргизүү», «Өкүл ата, өкүл апа» шайлоо ж.б.у.с. иш-чаралардын узакка созулган татаал комплекси орун алган. Ушул иш-чаралардын ичинен бир эле «Кыз оюн» оюнуна токтолуп көрөлү. «Кыз оюн» үйлөнүү-үлпөт салтынын ар дайым аткарыла турган туруктуу компоненти. «Кыз оюнунун» кагазда жазылбаган, эсте сакталган сценарийи бар. Оюн ошол оозеки пьеса – сценарий боюнча жүргүзүлөт. «Кыз оюнуна» негизинен кыздын тели-теңтуштары, жеңелери, айылдын кыз-жигиттери, күйөө тараптын жаштары катышат. Адегенде, «Кыз оюнун» алып баруучулар – тилдүү-ооздуу шакылдаган өнөрлүү жеңе, күйөө тараптан адат катары күйөө жолдош дайындалат. Бул экөө кадимки сахнадагы көрсөтүүнү алып баруучулар сыяктуу. «Күйөө жолдошту жана келиндердин арасынан чукугандай кеп тапкан, анча-мынча жүүнү бош жигиттердин оозун ачтырбай, кырына чыккан, алчы-таасынан жазбаган, шаңкылдап калп күлгөн, өзүнүн шайырдыгы менен оюнду кызыткан, элдин көңүлүн таттуу сөздөрү менен ачкан бир келинди оюн башчысына шайлашты.

Ушул экөөнүн айтканын, дегенин он эки олуя болсоң да, кылча кыйшайбай орундоого тийишсиң»,-деп жазат А. Аралбаев өйдөтө маалымдалган «Кыз оюну» этнографиялык очеркинде.

«Оюнга келгендер үйгө батпай эшикти, терезелерди ачышып, бири-бирин жөөлөп, тыгылышып сагалап турушат» [4.224]. Салыштыра айтсак, А.Аралбаев өз көзү менен көргөн бул көпчүлүк кудум театрга оюнга келген көрүүчүлөр өңдүү.

«Кыз оюну» сценарий боюнча «Токмок салуу» аттуу жөрөлгө менен ачылат. 1927-жылы Ысык-Көлдүн Түп аймагында Күрмөнтү айылында Саадабай кызы Батманын тоюнда ойнолгон бул оюндун дал ушундай башталганын А.Аралбаев минтип жазат: «Ал убакытта булгаарыдан жасалган, темир илгичтүү курлар жок. Бойго жеткен уландар өздөрүнөн улуулардын үлгүсү боюнча ак, кызыл, көк, сары, жашыл түстөгү үч-төрт кез кездемени кур кылып, аны менен белин кыса тартып курчанып алышар эле.

Оюн башы жеңенин көзү күйөө жолдоштун куруна түштү. Ой-боюна койбой жатып чечтирип алды. Аны төрт кабаттап, бүктөп эшишти да, узундугу бир кездей «токмок» жасашты. Күйөө жолдош, оюн башы жеңе: «Бир кишинин ырдаган ырын экинчи киши кайталап ырдабасын, андайлар менен кыз-келиндер жар көрүшүүгө турушпайт» деп бүтүм кылып коюшту.

Адегенде күйөө жолдош токмокту алып, ыр менен аябай мактап, тиги оюн башы жеңе менен колуктуну жар көрүшүүгө сурады. Жеңелер Батманы, күйөө жолдош күйөөнү жетелеп тургузушуп, жар көрүштүрдү. Бул сахнанын көшөгөсү ачылган сыяктуу, оюндун башталышы экен.

Оюну болуп жаткан Батма токмокту алып, ордунан турду. Ал өзү жакшы көргөн жигиттин алдына келип, токмоктун учун тийгизди. Жигит эңкейип аркасын тосту. Батма токмоктун салмагы менен үч урду да, аны сүйрөп барып, жанында отурган кызга берди. Ошентип, кыз-келиндер биринен сала бирине кыдыртып, канча кыз-келин болсо, ошончо жигитке токмок салат экен» [4.226.]. Көрүнүп тургандай кыз оюнунун бул башталышы, күйөө жолдоштун жөнөкөй кара сөз менен эмес, поэзиянын тили менен ырдап айткан сөздөрү, жасаган жар көрүшүү жөрөлгөсү, кыз-келиндердин жигиттерге кезектешип токмок салып чыгышы – ушунун баары көркөм сахнада ойнолуп жаткан кандайдыр бир спектаклдин элесин берет.

Андан ары шарт боюнча токмок салынган жигиттердин бардыгы бирден ырдап чыгышат. Кеп болуп жаткан кыз оюнунда да бул талап аткарылганын жазып келип андан ары А.Аралбаев бизге оюндун жүрүшүнөн мындайча кызыктуу маалыматты берет: «Токмок салынган жигиттер бир сыйра ырдап чыгышкандан кийин эми токмок жигиттердин, артыкча ырчылардын ыктыярына берилет да, алар каалаганынча ырдап, көңүлүнө жаккан кызды же келинди чакырып жар көрүшөт.

«Атаны жоо чапкыр ай! Менин ырымды ырдап койду…башка ырым жок…эми кантем…кой, кеткенден жакшысы жок» деп өкүнүп үйдөн чыгып жаткандар көбөйдү. Алардын ордуна: «Тилегим кабыл болуп, бир ырдап калар бекемин» деген демилгелүүлөр кирип орун алышты.

Ошентип, жигиттер эки сыйра ырдап чыгышканда, далайларынын ыр көрөңгүсү какшыды. Билген ырларын же тиги, же бул ырдап койду. Аны кайталоонун кереги жок… такыр ыры жок кээ бирөөлөрдү мөөрөттү, күчүкчө үрдүрдү, мышыкча мыеолотту. Андай жигиттерге: «Эмне, мөөрөгөн торпокко, үргөн күчүккө, мыеологон мышыкка туруп жар көрүшкөндөй мен эмне экемин.!» деп кабактарын чытып кыз-келиндер турбай коюшту. Кыраан-каткы күлкү…ыза болгонду ошондо көр!.. Артыкча келиндер андайлардын кырына чыгып: «А байкуш, ушу да кишимин деп басып жүрөт ээ, алын билбегенден кийин оюнга келип эмне кылат экен!» Кыздар туруп жар көрүшпөй мууздап жатышса, жерге житире киргизген сөздөрү менен келиндер жиреп киришет. Далай жигиттер гүл тиштеген түлкүдөй бозоруп кетип жатышты. Бир кезде эл азайып үйдүн ичи кеңейди да, эркин отуруп калдык» [4.228]. Бул 1927-жылдын үйлөнүү үлпөтүнөн алынган уникалдуу маалымат бизге кээ бир ой бүтүмдөрүн жасоого мүмкүндүк бергендиги менен баалуу. Демек, «Кыз оюну» катардагы жөнсалды гана иш-чара эмес, ал баарынан мурда, катышуучулардын маданий деңгээлин, маданий «багажын», кругозорун, көркөмдүк-адабий жөндөмүн, обонун, аткаруучулук дараметин жана башка өнөрүн сыноонун, текшерүүдөн өткөрүүнүн өзүнчө бир мектеби. Кыз оюндун атмосферасы шаңдуулукка бөлөнүп, эмоцияга толгон. Жаңырган ырлар театрдагы концерттин эле өзү. Бул жерде кээ жигиттер такыр ыр билбегендиги үчүн кыз-келиндердин какшык-шылдыңына, теңине албаган мамилесине кабылып, ыза болуп, өзүнүн даярдыгы жок

өндекейлигине өкүнүп, оюндан чыгып кетип жатышат. «Кыз оюну» адамды сынактан өткөрүп, ойлондуруп жатат. «Кээ бир мыкты ырдаган жигиттердин ыр-обону көп эркек аялды суктандырды. «Ата айланайын, жакшы ырдайт турбайбы… үнү жөн эле жылаажындыкындай…кудай өмүр берсин» деп таңгалышкан, шыпшынышкан үндөр үйдүн ичинен да, тышынан да угулуп жатты», - деп жазат автор [4.228].

«Кыз оюнундагы» иш-чарага катышып отурган кыз-келиндердин бардыгын бирден мүнөздөп ырдап чыгуу сыяктуу жигитке берилчү кезектеги тапшырма эң татаал жана жооптуу, оюнду апогейине чыгарган тапшырма болуп эсептелет.

«Кыз оюнундагы» кыз-келиндер менен жигиттердин беттешип, бири-бирине кезек берип, алмак-салмак ырдашканы да профессионал драмадагы диалогиялык речти элестеткендиги менен кызыгуу туудурат.

Үйлөнүү салтынын «Кыз оюндан» башка компоненттери да өзүнүн театралдуу мүнөзү менен көңүлдү бурат. Мисалы, «Кемпир өлдү» жөрөлгөсүн алалы. ««Кемпир өлдү» жөрөлгөсү да үйлөнүү үлпөтүнүн компоненттеринин бири. Кайнене күйөө баласын «отко киргизүүнү» ишке ашырууну көздөгөндө кемпирлердин бири үйдүн эшигин бекитип, киргизбей босогодо жатып алат. Аны алдап-соолап, ырым-жырымын кылып, ыр менен мактап жатып үйгө кирүүгө мүмкүнчүлүк алышат» [5.125].

Ыктуу сөздөрдү, жарашыктуу мактоолорду, жүйөөлүү шылтоолорду уккан кемпир босогону бошотот. Жакшылап байкай келсек, «Кемпир өлдү» жөрөлгөсүндө аткаруучулук – оюндук (исполнительно-игровой) белгилер даана көрүнүп турат. Салттык «сценарий» боюнча босогого жаткан кемпир өзүнчө роль аткарып, «артист» болуп жаткандыгы көз көрүнөө. Демек, бул жерде өзүнчө бир сахна ойнолуп жатат.

Үйлөнүү үлпөтүнүн колуктуну жигиттин айылына алып келгендеги соңку «Бет ачар» жөрөлгөсү да майрамдык маанайдагы көркөм-оюндук шааниде. «Бет ачарда» атайын дайындалган тилдүү – ооздуу, өнөрү бар жигит келген келинди сыпаттап, ар тарабынан мактап ырдап, кыздын келин болгондон тарта жаңы конушунда аткара турган милдеттерин кошо айтып, акырында шаңдуу маанайда кыздын жүзүн ачып, көрөбүз деп турган күйөөнүн туугандарына жана чогулгандарга тааныштырып, көрүндүк сурайт. Ушуну менен кыз жүгүнүп, жаңы босогону аттайт.

Кыскасы, жогорудагы кыскача талдоо көрсөткөндөй, кыргыздын элдик үйлөнүү үлпөт салты драмалык-театралдык элементтерге жана формаларга карк келип, көркөм-поэтикалык чыгармачылык менен жуурулушуп, элге эстетикалык жана адеп-ахлак тарбия берүүнүн өзүнчө бир мектеби катары болгон. Дал ушундай драмалык оюн мүнөзүнө ээ болгондуктан өткөн кылымдын 20-30-жылдарында элдик үйлөнүү жөрөлгөсү улуттук республикаларда инсценировкаланып, түздөн-түз театр сахналарына алынып чыккан учурлар аз эмес болгон.

## Адабияттар тизмеси


1. Савушкина Н.И. Русский народный театр [Текст] / Н.И.Савушкина. – М.: Наука, 1976.–150 с.

2. Фольклорный театр народов СССР [Текст] / отв. ред. О.Н.Кайдалова. – М.: Наука, 1985. – 247 с.

3. Акматалиев А.Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: 2000.– 111 б.

4. Аралбаев А. Алгачкылар [Текст]: өспүрүмдөр үчүн / А. Аралбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1967. – 2 китеп. – 303 б.

**5.** Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: оозеки чыгармачылыктын жанрлары / ред.: А.Акматалиев, А.Жайнакова, И.Жумабаев ж.б. – Бишкек: Шам, 2004. – 1 китеп. – 683 б.